5. Рахимова М.Р. Педагогиканын теориясы, технологиясы жана системасы. [Текст] / Рахимова М.Р// – Бишкек, 2003.
6. Тайиров М.М., Мурзаев М.С. Окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] /Тайиров М.М., Мурзаев М.С//Окуу-усулдук колдонмо – Ош, 2009.
7. Нусупова Г. Ш. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүнзаманбап ыкмалары жана технологиялары [Текст] / Нусупова Г. Ш. // Макала–КББАК №1(62)20024.49-бет.
8. Мендибаева, Н. (2024). Интегрированные уроки в начальной школе как способ всестороннего развития учащихся и активизации познавательной деятельности. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 1(1(23). https://doi.org/10.56122/.v1i1(23).125

**УДК:** 37.091.3 https://doi.org/10.56122/..v1i2.198

МОТИВАЦИЯЛЫК МЕТОДДОР БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Турдубаева К. Т.- п.и.к., доцент. ОшМПУ,
kandalathanturdubaeva@gmail.com

МОТИВАЦИОННЫЕ МЕТОДЫ КАК СРЕДСТВО ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ

Турдубаева К. Т.- к.п.н., доцент. ОшГПУ,
kandalathanturdubaeva@gmail.com

**MOTIVATIONAL METHODS AS A MEANS OF IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION**

**Turdubaeva K. T. -candidate of pedagogical sciences,**
**associate professor Osh State Pedagogical University,**
kandalathanturdubaeva@gmail.com

***Аннотация:*** макалада мотивациялык методдордун билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы орду жана мааниси каралган. Мотивациянын билим берүү процессинде студенттердин активдүүлүгүн жана окууга болгон кызыгуусун арттыруудагы ролу талданат. Заманбап билим берүү системасында мотивациялык методдорду киргизүү аркылуу студенттердин когнитивдик жөндөмдөрүн өнүктүрүү, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүү, жана теориялык билимди практикалык жактан колдонуу жолдору көрсөтүлгөн. Макалада билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам бере турган геймификация, окуу максаттарын түшүндүрүү, маселелерди чечүү жана проблемалуу окутуу сыяктуу методдор талданат. Жыйынтыктоочу бөлүгүндө мотивациялык методдорду натыйжалуу колдонуу боюнча сунуштар берилген.

***Ачкыч сөздөр:*** мотивациялык методдор, билим берүүнүн сапаты, студенттердин активдүүлүгү, геймификация, проблемалуу окутуу, чыгармачыл ой жүгүртүү.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда мотивациялык методдордун мааниси

***Аннотация:*** в статье рассматривается роль и значение мотивационных методов в повышении качества образования. Анализируется роль мотивации в повышении активности студентов и интереса к обучению в учебном процессе. Путем внедрения мотивационных методов в современную систему образования показаны пути развития познавательных способностей учащихся, активизации творческого мышления, применения теоретических знаний на практике. В статье анализируются такие методы, как геймификация, уточнение

целей обучения, решение проблем и проблемное обучение, которые могут помочь улучшить качество образования. В заключительной части представлены рекомендации по эффективному использованию мотивационных методов.

**Ключевые слова**: мотивационные методы, качество образования, деятельность учащихся, геймификация, проблемное обучение, творческое мышление. Значение мотивационных методов в повышении качества образования

**Annotation:**The article discusses the role and importance of motivational methods in improving the quality of education. The role of motivation in increasing students' activity and interest in learning in the educational process is analyzed. By introducing motivational methods into the modern education system, ways to develop students' cognitive abilities, activate creative thinking, and apply theoretical knowledge in practice are shown. The article analyzes methods such as gamification, clarifying learning objectives, problem solving and problem-based learning that can help improve the quality of education. The final part provides recommendations for the effective use of motivational methods.

**Key words**: motivational methods, quality of education, student activities, gamification, problem-based learning, creative thinking. The importance of motivational methods in improving the quality of education

Билим берүүнүн сапаты – бул билим берүү процессинин натыйжалуулугун жана студенттердин билим деңгээлин аныктаган маанилүү көрсөткүч. Билим берүүнүн сапаты ар түрдүү факторлордон көз каранды, жана алардын арасында мотивация негизги факторлордун бири болуп саналат. Мотивация окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырат, активдүүлүгүн камсыздайт жана алардын когнитивдик жөндөмдөрүнүн өсүшүнө оң таасир этет. Студенттерди билим алууга шыктандыруу бүгүнкү күндөгү жогорку окуу жайларынын заманбап педагогикасында эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет[1].

*Мотивациялык методдордун ролу*

Мотивациялык методдор билим берүү процессинде чыгармачыл ой жүгүртүүнү активдештирип, студенттердин окууга болгон кызыгуусун жогорулатат. Бүгүнкү күндө билим берүү системасынын сапатын көтөрүү ар бир тармакта маанилүү болуп эсептелет, анткени замандын талабына ылайык студенттердин интеллектуалдык өнүгүүсүнө басым жасалууда. Мотивациялык методдор студенттердин чыгармачылык жана окуу процесстеринде активдүүлүгүн жогорулатуу менен алардын жетишкендиктерин жакшыртат.

*Мотивациялык методдордун актуалдуулугу жана артыкчылыктары*

Мотивациялык методдордун билим берүүдө актуалдуу болушу бир катар себептерге негизделген:

Жекече мамиле. Ар бир студенттин кызыгуусуна жана муктаждыктарына ылайык иштелип чыккан мотивациялык методдор окууга болгон каалоону күчөтөт.

2. Чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Мотивациялык методдор студенттерге көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө, инновациялык ой жүгүртүүгө жана жаңы идеяларды жаратууга өбөлгө түзөт.
3. Дүйнөлүк тенденцияларды колдонуу. Мотивациялык методдор дүйнөлүк билим берүүдө кеңири колдонулат жана бул ыкмаларды киргизүү Кыргызстандын билим берүү системасынын сапатын жогорулатат.
4. Билимди практикалык жактан өздөштүрүү. Мотивациялык методдор студенттерге теориялык билимди практикалык колдонууну үйрөтүү менен окуудагы жетишкендиктерди арттырат.

"Билим берүүнүн сапаты ар бир билим берүү мекемесинин негизги максаттарынын бири болуп саналат жана аны жогорулатуу студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө таасир этет"[5,34]

Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда мотивациялык методдордун бир нече түрлөрү колдонулат:

1. Оюн элементтерин колдонуу методу (геймификация). Оюн элементтерин (мисалы, онлайн сынактар, викториналар) киргизүү студенттердин кызыгуусун арттырып, окуу процессине активдүүлүктү камсыз кылат[3]. Мисалы, Кахут сыяктуу платформалар геймификациянын жакшы үлгүсү болуп саналат.

2. Окутуунун максатын түшүндүрүү. Бул мотивациялык методун колдонуунун сабакка болгон таасири чоң жана маанилүү. Мында студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырат, окуу процессин түшүнүктүү жана маанилүү кылат, ошондой эле натыйжалуу окууну камсыздайт. Төмөндө анын негизги таасирлери келтирилген: эгерде студенттер сабактын максатын жана анын маанилүүлүгүн түшүнсө, анда алардын окууга болгон кызыгуусу жогору болот, өз аракеттерин багыттоого жардам берет, билимдерди өнүктүрүш керектигин так билишет жана бул аларга өзү боюнча пландаштырууга шарт түзөт. Сабактын натыйжалары тууралуу берилген так түшүнүк аларды белгилүү бир жетишкендикке умтулууга түртөт. Максаттарын түшүнгөн студенттер тапшырмалардын маанисин түшүнүп, аларды аткарууда активдүүрөөк болууга, сабактын мазмунун эффективдүү өздөштүрүүгө, окуу материалын эмне үчүн үйрөнүп жатканын жана аны кантип колдоно турганын так түшүнүүгө шарт түзөт. Сабактын максаты жана анын мааниси так түшүндүрүлгөндө студенттердин сабакка болгон кызыгуусу жогорулап, окуу процессине болгон мамилеси күчөйт.

3. Маселелерди чечүү методдору. Бул метод студенттердин интеллектуалдык жана чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө, критикалык ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө жана сабакка кызыгуусун жогорулатууга багытталган. Анын негизги таасирлери студенттерге ар кандай маалыматтарды талдоого, салыштырууга жана туура чечимдерди чыгаруу жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет. Студенттер маселени чечүүдө ар кандай ыкмаларды изилдейт жана алардын ичинен эң ылайыктуусун тандашат. Маселелерди чечүүдө стандарттуу эмес чечимдерди табуу керек болгон учурлар студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт. Маселелерди чечүү аркылуу студенттер теориялык билимдерди практикада колдонууга, реалдуу турмуштук маселелерди талдоого үйрөнүшөт. Реалдуу турмуштук же кесиптик маселелерди чечүү аркылуу студенттер алган билимдерин бекемдейт жана практикалык көндүмдөрдү иштеп чыгат. Студенттер бири-биринин оюн угууга, пикир алмашууга жана маселени биргелешип талдоого үйрөнүшөт. Бул коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ошентип, маселелерди чечүү методдорун колдонуу студенттердин интеллектуалдык өнүгүүсүн гана эмес, алардын социалдык жана эмоционалдык жөндөмдүүлүктөрүн да күчтөндүрүп, аларды келечектеги кесиптик жана турмуштук чөйрөдө ийгиликтүү болууга даярдайт.

4. Проблемалык окутуунун ролу. Проблемалуу окутуу – студенттерди активдүү ой жүгүртүүгө жана чыгармачыл чечимдерди табууга шыктандыруучу метод. Бул метод студенттердин окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылат жана сабактын сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Проблемалык тапшырмалар аркылуу студенттер материалды терең өздөштүрүп, аны кеңири контексте колдонууга үйрөнүшөт. Проблемалык тапшырмалар студенттерди материалды терең өздөштүрүүгө жана аны кеңири контексте түшүнүүгө алып келет. Маселени чечүүдө алар теориялык билимдерди практикалык колдонуулары керек, бул өз кезегинде алардын билимин бекемдейт жана узак мөөнөттүү эсте калтырууга жардам берет. Проблемалуу окутуу студенттерди ар кандай маселелерди талдоо жана натыйжалуу чечимдерди издөө аркылуу критикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүүгө багыттайт. Студенттер маалыматтарды талдап, алардын ичинен зарыл болгон маалыматты тандап, себептерин жана натыйжаларын түшүнүүгө аракет кылышат. Проблемаларды чечүү учурунда студенттер стандарттуу эмес чечимдерди издешет. Бул чыгармачылык жана инновациялык ой жүгүртүүнү шыктандырат, анткени алар кээде алгылыктуу же оригиналдуу жолдорду табууга мажбур болушат. Студенттер ар кандай татаал кырдаалдарда жана белгисиз шарттарда маселелерди чечүүнү үйрөнүшөт. Бул аларды ийкемдүүлүккө жана замандын талабына ылайык келечектеги кесиптик чөйрөдө тез адаптация болууга үйрөтөт. Проблемалуу окутууда студенттер өз алдынча жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алууга жана маселени чечүү

процессине толук жооптуу болууга үйрөнүшөт. Реалдуу турмуштук же кесиптик маселелерди чечүү алардын сабакка болгон мотивациясын күчөтүп, алган билимдерин колдонуунун натыйжаларын көрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Проблемалуу окутууда студенттер топ болуп иштешет, бул алардын өз ара иштөө жана топ ичинде биргелешип чечимдерди кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Студенттер бири-биринин ой-пикирлерин баалап, биргелешкен талкууларга катышып, маселени чечүү үчүн командалык иш алып барышат. Проблемалык тапшырмалар реалдуу турмуштук кырдаалдарга негизделгендиктен, студенттер окуу материалын практикалык чөйрөдө кантип колдонсо болорун түшүнүшөт. Окутуунун натыйжасында сабактын сапаты жогорулап, окуу материалын терең түшүнүүгө жана аны практикада колдоно билүүгө үйрөнүшөт. Ошол эле учурда бул метод алардын интеллектуалдык, социалдык жана эмоционалдык жактан өнүгүүсүнө да чоң өбөлгө түзөт.

Мотивациялык методдор билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун эффективдүү куралы болуп эсептелет. Бул методдор аркылуу студенттердин активдүүлүгү жана окууга болгон кызыгуусу артып, билим берүү системасынын натыйжалуулугу жогорулайт. Мотивациялык методдорду туура колдонуу менен мугалимдер студенттердин индивидуалдуулугун эске алып, окуу процессине инновациялык ыкмаларды киргизип, билим берүүнүн сапатын жакшыртууга чоң салым кошо алышат.

Сунуштар

- Мугалимдер мотивациялык методдорду окуу процессине кеңири киргизүүгө басым жасашы керек.
- Студенттердин окууга болгон кызыгуусун өстүрүү үчүн инновациялык технологияларды колдонуу зарыл.
- Мотивациялык методдорду колдонууда ар бир студенттин индивидуалдуулугун эске алуу керек.

Адабияттар:

1. Веремчук А.С. О мотивации студентов как необходимом условии повышения качества обучения. / Педагогические науки. № 2, 2020(https://s.science-pedagogy.ru/pdf/2020/2020_2.pdf#page=34)

2. Орехова Ю.М. Дидактические игры как средство формирования интереса к изучению иностранного языка у студентов педагогического вуза // Вестник Челябинского государственного педагогического университета. 2010. № 4. С. 96-106.

3. Гаврилова Ирина Викторовна . Геймификация как средство повышения эффективности онлайн курсов, к.п.н., доцент (e-mail: i.gavrilova@magtu.ru) Магнитогорский государственный технический университет, г.Магнитогорск, Россия

4. Смирнов А.В., Валиахметова И.В. Современные аспекты мотивации учебной деятельности студентов ВУЗов.

5. Ибраим кызы А. "Билим берүүнүн сапаты: маселелер жана чечүү жолдору." 2021.

6. "Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга өнүктүрүү концепциясы." 2021.